**Ысык-Көл районунда 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө, аткарылышына жана ишине өткөрүлгөн шайкештик аудит жөнүндө**

# ОТЧЁТ.

**Аудиттин жүргүзүүнүн негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн иш планы

**Аудиттин максаты:** жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө, аткарылышына жана ишине шайкештик аудит жүргүзүү

**Аудит камтыган мезгил аралыгы:** 2022-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгы.

**Аудит объектилери:** Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясы, КР Финансы министрлигинин Ысык-Көл башкармалыгы, Ысык-Көл райондук өнүктүрүү фонду, Ананьево, Абдрахманов, Бостери, Кара-Ой, Кумбел, Садыр-Аке, Семеновка, Темир,Тору-Айгыр, Тамчы, Чоң-Сары-Ой жана Өрүктү айыл өкмөттөрү (айыл өкмөттөрүнүн мурдагы аталыштары боюнча), айыл өкмөттөрүнүн муниципалдык ишканалары.

**Жооптуу тарап**

Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Көл башкармалыгы, Ысык-Көл районундагы жогоруда аталган айыл өкмөттөрү жана мекемелери бул аудиттин жооптуу тарабы болуп саналат.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Жогорудагы аталган тараптардын жалпы милдетине мамлекеттик каражаттардын тескелиши жана мыйзамдуу орган тарабынан ыйгарым укуктарды жүргүзүү кирет, ошондой эле ушул аудиттин предметине жооптуу болушат.

**Аудитордун милдети**

Биздин милдет, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде шайкештик аудиттин предмети жана аудиттин тиешелүү критерийлери боюнча өз алдынча корутундуларга келүүдө турат. Аудит, биздин корутундуну тастыктаган жетишээрлик, талаптагыдай далилдерди алуу үчүн жол–жоболорду аткарууну камтыйт. Аткарылган жол-жоболор алдамчылыктын же катачылыктын негизинде жол берилген олуттуу шайкештик эместиктин тобокелдигин баалоону камтыган, аудитордун кесиптик пикирине жараша болот. Биз аткарган аудиттин жол-жоболору, ушул жагдайларга туура келет деп эсептейбиз. Чогултулган аудитордук далилдер, ушул отчетто жазылган корутундулар үчүн негизди камсыз кылуу үчүн, жетиштүү жана талаптагыдай болуп эсептелет деп божомолдойбуз.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышы Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын (мындан ары–ЧУА) талаптарына шайкеш келиши болуп эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн убакыттын ичинде аудитке киргизилген суроолор:

- бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнүн негиздүүлүгүнө аудит;
- атайын эсептердин каражаттарын пайдалануусунун жана кирешелерди алуусунун негиздүүлүгүнө аудит;
- эмгек акыларынын чыгымдары боюнча аудит;
- командировкалык чыгымдарга аудит;

- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарын сактоосуна аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы;
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;
- коммуналдык кызматтар боюнча чыгымдардын лимиттеринин сакталышы;
- подотчеттук жактардын эсептешүүлөрүнө аудит;
- арендалык мамилелерге аудит;
- капиталдык жана утурумдук оңдоо чыгымдарына аудит.

**Аудит критерийлери**

Критерий деп, бюджеттик каражаттарды мыйзамга ылайык пайдаланылышынын шайкештигин баалоо эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Жер кодекси;
- Кыргыз Республикасынын “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 “Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому (КР Министрлер Кабинетинин 29.08.2022-ж. №474 токтомуна ылайык күчүн жоготкон);
- Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 28-мартындагы №207 “Жашыруун мүнөздөгү иш жана жашыруун иш кагаздарын жүргүзүү үчүн кызмат маяналарына проценттик үстөктөрдү төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө нускаманы бекитүү тууралу” токтому (КР Министрлер Кабинетинин 02.05.2023-ж. №238 токтомуна ылайык күчүн жоготкон);
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 1-августундагы №433 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлеп иштеген кызматкерлерге эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралу” токтому;
- Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана

жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө" токтому;

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобо" (Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 11.07.23-ж. №2-Б жана 22.01.2024-ж. №1-Б буйругуна ылайык күчүн жоготкон);

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" Жобосу;

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 "Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралу" токтому.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген, ошондой эле, Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык, негизинен ISSAI 400 жана ISSAI 1400, шайкештик аудити жөнүндө жетектөөчү көрсөтмөлөр жана INTOSAIнин негиз салуучу принциптерине ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүмүнүн бекитилген программасына ылайык, кызмат адамдары тарабынан көрсөтүлгөн иш кагаздарынын, материалдарынын жана маалыматтарынын негизинде жүргүзүлдү.

"Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндөгү" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамына ылайык, аудитке көрсөтүлгөн бухгалтердик иш кагаздардын толуктугу жана ишенимдүүлүгү үчүн иш кагаздарды көрсөткөн кызмат адамдары жоопкер болушат.

Аудит үчүн келишимдерди бурмалоо тобокелдигине же финансылык отчеттуулуктагы калдыктарды баалоо максатында өлчөмү боюнча негиздүү босоголук маанидеги эсептешүүлөргө №3 Форма пайдаланылды.

**Корутунду**

Аудитте, Ысык-Көл районунда жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын иш-аракеттери Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясында (аудит маминспектор А. Усупов тарабынан өткөрүлгөн), Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Көл башкармалыгында (аудит маминспектор А. Усупов тарабынан өткөрүлгөн) жазылган жагдайлардан сырткары, бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына туура келээри аныкталды.

АУДИТТЕ АНЫКТАЛДЫ:

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен табылган баардык финансылык бузуулардын жалпы суммасы **38089,5 миң сомду** түзгөн, анын ичинде **20272,9 миң сому** ордуна коюлууга тийиштүү, ордуна коюлганы **11351,0 миң сом.** Анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджетке каражаттардын келип түшүүсүн жана кайтаралышын камсыз кылуу боюнча чаралардын көрүлбөшү (2102) **4577,0 миң сом**, ордуна коюлууга тийиштүүсү 3433,8 миң сом;

- Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы тиешелүү бюджеттерге которулбаган каражаттар (2103) **1115,0 миң сом,** ордуна коюлууга тийиштүү**;**

- Кыргыз Республикасындагы бюджеттик тутумдун бюджетинин каражаттарын максатсыз пайдалануу (2301) **268,0 миң сом,** ордуна коюлууга тийиштүү**;**

- капиталдык салымдарга жана курулуш иштерин аткарууга бюджеттик каражаттарды пайдалануудагы бузуулар (2302) **1872,1 миң сом,** ордуна коюлууга тийиштүү**;**

- милдеттенмелерди кабыл алуу жана тастыктоо жана бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашыкча чыгымдоо (ченемден ашык жана тастыкталбаган чыгымдар 2303) **498,7 миң сом,** ордуна коюлууга тийиштүүсү 356,3 миң сом**;**

- Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттин аткарылышындагы башка кемчиликтер жана бузуулар (2401) **483,1 миң сом** ордуна коюлууга тийиштүү**;**

- мүлктү сактоонун камсыздалбашы (3101) **4977,5 миң сом,** ордуна коюлууга тийиштүү**;**

- мүлктү пайдалануудагы бузуулар (3102) **518,2 миң сом,** ордуна коюлууга тийиштүү**;**

- бухгалтердик эсеп жөнүндө ченемдик укуктук актыларын бузуулар (4102) **8205,9 миң сом,** ордуна коюлууга тийиштүүсү 7248,9 миң сом**;**

- мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамды бузуулар (5101) **15574,0 миң сом.**

Мындан тышкары, 15 (он беш) башка жол-жоболук бузуулар жана 2 (эки) мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндөгү башка бузуулар аныкталган.

*2022-2023-жылдар үчүн жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы.*

2022-жылга Ысык-Көл районунун жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү боюнча план 232535,7 миң сомго бекитилген, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр боюнча 196581,7 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 24640,0 миң сом, республикалык бюджеттен келип түшүүлөр 11314,0 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү боюнча такталган план 322528,9 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр 236433,5 миң сом, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге 40314,6 миң сом, республикалык бюджеттен өз ара берилүүчү максаттуу трансферттер 34466,8 миң сомду, теңдөөчү гранттар 11314,0 миң сомду түзгөн.

Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 364294,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктардын келип түшүүсү 275852,8 миң сом, 39419,3 миң сомго ашык аткарылган же 116,7 %, салыктык эмес кирешелердин келип түшүүлөрү атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 46190,1 миң сом, 5875,5 миң сомго ашык аткарылган же 114,6%, республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 42251,1 миң сом же 92,3% .

*2022-жылга карата* жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү 81,9% аткарылган же планда такталган сумма 364522,0 миң сом, кассалык чыгымдар 298613,0 миң сом. Анын ичинен: *"Мамлекеттик кызмат көрсөтүү"* бөлүгү боюнча планда 98784,6 миң сом, аныгында 89543,1 миң сомго аткарылган (90,6%), *"Экономикалык маселелер"* бөлүгү боюнча планда 651,5 миң сом, аныгында

648,8 миң сомго аткарылган (99,6%), *“Эс алуу, маданият жана дин”* бөлүгү боюнча планда 21916,4 миң сом, анығында 19056,3 миң сомго аткарылган (86,9%), *“Билим берүү”* бөлүгү боюнча планда 87346,9 миң сом, анығында 73532,5 миң сомго (84,2%), *“Турак-жай жана коммуналдык кызматтар”* бөлүгү боюнча планда 147457,5 миң сом, анығында 107731,4 миң сомго аткарылган (73,1%), *“Социалдык коргоо*” бөлүгү боюнча планда 8365,1 миң сом, анығында 8100,9 миң сомго аткарылган (96,8%).

2023-жылга карата бекитилген Ысык-Көл районунун жергиликтүү бюджетинин киреше бөлүгү боюнча план 306172,2 миң сомго бекитилген, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр боюнча пландалган сумма 242794,2 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 24930,0 миң сом, республикалык бюджеттен келип түшүүлөр 38448,0 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү такталган план боюнча 425565,0 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык кирешелер 299044,1 миң сом, салыктык эмес кирешелер 51182,0 миң сом, өз ара берилүүчү максаттуу трансферттер 75338,9 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү 110,8% аткарылган. Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 471534,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктардын келип түшүүсү 333816,0 миң сом, 34771,9 миң сомго ашык аткарылган же 111,6 %, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 62383,4 миң сом, 11201,4 миң сомго ашык аткарылган, же 121,9 %. республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 75334,9 миң сомго аткарылган же 100%.

2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү 82,8% аткарылган же планда такталган сумма 534990,0 миң сом, кассалык чыгымдар 442983,2 миң сом. Анын ичинен: “Мамлекеттик кызмат көрсөтүү” бөлүгү боюнча планда 138265,4 миң сом, анығында 126723,3 миң сомго аткарылган (91,6%), “Экономикалык маселелер” бөлүгү боюнча планда 1445,0 миң сом, анығында 1373,5 миң сомго аткарылган (95,0%), “Эс алуу, маданият жана дин” бөлүгү боюнча планда 38151,9 миң сом, анығында 31321,3 миң сомго аткарылган (82,1%), “Билим берүү” бөлүгү боюнча планда 108897,8 миң сом, анығында 83781,5 миң сомго (76,9%), “Турак-жай жана коммуналдык кызматтар” бөлүгү боюнча планда 236985,2 миң сом, анығында 188676,9 миң сомго аткарылган (79,6%), “Социалдык коргоо**”** бөлүгү боюнча планда 11044,7 миң сом, анығында 10907,0 миң сомго аткарылган (98,7%).

## Ысык-Көл райондук өнүктүрүү фонду

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Аудит камтыган мезгил аралыгында кызматкерлердин эмгек акыларынан **29,1 миң сом** камсыздандыруу төлөмдөрү, **16,6 миң сом** киреше салыгы эсептелинген эмес жана тиешелүү бюджеттерине которулган эмес.

**Сунуштама:** Кошумча эсептелинген **29,1 миң сом** камсыздандыруу төлөмдөрү, **16,6 миң сом** киреше салыгы чегерилип, тиешелүү бюджеттерине которулсун.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-июлундагы №376 токтому менен бекитилген “Региондорду өнүктүрүү фонддору тууралуу типтүү жобосунун” (Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 16-январындагы №20 токтомуна ылайык күчүн жоготкон) 43-пунктунун 8-пунктчасына ылайык, 2022-жылдын 30-декабрында Ысык-Көл районунун өнүктүрүү фондусунун буйругунун негизинде кызматкерлерге бир айлык сыйлык акы берүү чечими чыгарылган. Бирок, аталган жобонун 43-пунктунун 8-пунктчасында “эмгек келишимдеринин, Кыргыз

Республикасынын эмгек мыйзамдарынын жоболорунун жана Фонддун дирекциясынын чыгашалар сметасынын мүмкүнчүлүктөрүнүн алкагында Фонддун дирекциясынын кызматкерлерин сыйлоо чаралары жөнүндө чечим кабыл алат" – деп көрсөтүлгөн. Б.а. Фонддун кызматкерлери менен эмгек келишими же жамааттык келишим түзүлгөн эмес.

Мындан тышкары, Байкоочу Кеңеш тарабынан 2022-жылга "эмгек акы" беренесине 516,0 миң сом акча каражаты каралгандыгына карабастан, Байкоочу Кеңештин чечими менен такталбастан 537,6 миң сомго жогорулатылып эсептелинип, **38,0 миң сом** бир айлык сый акы катары Фонддун кызматкерлеринин банктык карталарына 2022-жылдын 29-декабрында которулуп берилген.

**Сунуштама:** Күнөөлүү адамдар тарабынан кызматкерлердин эмгек акы маяналарын эсептөөдө Байкоочу Кеңеш тарабынан бекитилген сметанын негизинде жүргүзүлсүн. Фонддун кызматкерлери менен эмгек келишими түзүлсүн.

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Ысык-Көл *райондук өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен* Ысык-Көл районунун төмөнкү айыл өкмөттөрүндө жана мекемелеринде аткарылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү жогорулатылган. Анын ичинен:

- *Ананьево айыл өкмөтүндө* подрядчы "Бакай Темир" ЖЧКсы тарабынан "Ананьево айыл өкмөтүнүн №2 "Келечек" бала бакчасынын жылытуу түйүнүн оңдоодо" *39,6 миң сомго* жогорулатылган жана 4 % бирдиктүү салыгы *60,4 миң сомго* ашык алынган (кошумча аткарылган иштердин эсебинен 27,6 миң сому калыбына келтирилди деп эсептелинди);
- *Тору-Айгыр айыл өкмөтүндө* подрядчы "Гроссер Консалт" ЖЧКсы тарабынан "Сары-Камыш айылынын сугат суу түйүнүн оңдоодо жана селден коргоочу канал салууда" *135,2 миң сомго*; подрядчы "ЛОИ" ЖЧКсы тарабынан "Сары-Камыш айылынын сугат суу лотокторун оңдоодо" *24,3 миң сомго*;
- *Семеновка айыл өкмөтүндө* подрядчы "Вилла" ЖЧКсы тарабынан "Семеновка айылындагы клубдун имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүдө" *25,4 миң сомго*.

**Сунуштама:** Айыл өкмөттөрү менен биргеликте жогорулатылган курулуш куроо иштерин калыбына келтирүү боюнча чаралар көрүлсүн:

- *Ананьево айыл өкмөтүндө* подрядчы "Бакай Темир" ЖЧКсы тарабынан "Ананьево айыл өкмөтүнүн №2 "Келечек" бала бакчасынын жылытуу түйүнүн оңдоодо" *12,0 миң сомго* жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмү жана ашык алынган 4 % бирдиктүү салыгы *60,4 миң сом* (кошумча аткарылган иштердин эсебинен 27,6 миң сому калыбына келтирилгендиги эске алынсын);
- *Тору-Айгыр айыл өкмөтүндө* подрядчы "Гроссер Консалт" ЖЧКсы тарабынан "Сары-Камыш айылынын сугат суу түйүнүн оңдоодо жана селден коргоочу канал салууда" *135,2 миң сом*; подрядчы "ЛОИ" ЖЧКсы тарабынан "Сары-Камыш айылынын сугат суу лотокторун оңдоодо" *24,3 миң сом*;
- *Семеновка айыл өкмөтүндө* подрядчы "Вилла" ЖЧКсы тарабынан "Семеновка айылындагы клубдун имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүдө" *25,4 миң сом*.

Аудит мамлекеттик инспекторлор М.Аитов, Б. Токтомамбетов, Н. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

**Ананьево айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Ж. Абдрахманов айыл өкмөтү)**

1. **Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган. Анын ичинен төмөнкү жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмү калыбына келтирилген эмес: подрядчы "ЭраСтройИнвест" ЖЧКсы тарабынан "Айыл

өкмөтүнүн китепканасынын чатырын алмаштырууда” 29,1 миң сом; подрядчы “Нази компани” ЖЧКсы тарабынан “Айыл өкмөтүндөгү Н. Лященко атындагы орто мектебине раковиналарды жана саркынды суулардын системасын ремонттоодо” 6,6 миң сом; подрядчы “Капитал Строй КейДжи” ЖЧКсы тарабынан “Айыл өкмөтүндөгү “Солнышко” атындагы бала бакчасын ремонттоодо” 28,9 миң сом (17,4+11,5).

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Салык кодексинин, Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө нускамасынын” талаптарын бузууга жол берилген, жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан төлөнүп берилген эмгек акыларынан (2022-жылы 84,0 миң сом, 2023-жылга 120,0 миң сом) **16,3 миң сом** 8% социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү, **16,6 миң сом** киреше салыгы кармалган эмес жана **35,2 миң сомду** түзгөн 17,25% социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү эсептелинген эмес. *Аудиттен кийин 14,2 киреше салыгы, 49,6 миң сом камсыздандыруу төлөмдөрү 2024-жылдын 27-мартындагы төлөө тапшырмасы аркылуу калыбына келтирилди.*

**Сунуштама:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде төлөнүп берилген эмгек акыларынан (2022-жылы 84,0 миң сом, 2023-жылга 120,0 миң сом) **1,9 миң сомду** (8%) социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү, **2,4 миң сом** киреше салыгы чегерилип, тиешелүү бюджеттерине которулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** “Турак жай коммуналдык чарбасы жана жашоо менен камсыз кылуу” муниципалдык ишканасынын кызматкерлеринин эмгек акыларынан **39,0 миң сом** (8%; 2%) социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү, **47,3 миң сом** киреше салыгы эсептелинген эмес.

**Сунуштама:** “Турак жай коммуналдык чарбасы жана жашоо менен камсыз кылуу” муниципалдык ишканасынын кызматкерлеринин эмгек акыларынан **39,0 миң сом** социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү, **47,3 миң сом** киреше салыгы чегерилип, тиешелүү бюджеттерине которулсун.

**4. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Салык кодексинин 375-беренесине ылайык, ижарачы “АГО Инстайл” ЖЧКсынын 1,50 га айыл чарба багытындагы эмес жерлерине **29,8 миң сом** жер салыгы кошумча эсептелинди.

**Сунуштама: “**АГО Инстайл” ЖЧКсынан кошумча эсептелинген **29,8 миң сом** жер салыгы өндүрүлүп, бюджетке которулсун.

**5. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 104-беренесинин 3-пунктунун 2-пунктчасынын талаптарын бузууга жол берилген, жалпы **241,4 миң сом** жайыт жыйымдары айыл өкмөтүнүн казыналык эсептик счетуна төгүлбөстөн түздөн-түз пайдаланылган. Аудиттен кийин 2024-жылдын 27-мартындагы төлөө тапшырмасы аркылуу 87,1 миң сому калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси казыналык эсептик счетуна төгүлбөстөн түздөн түз пайдаланылган **154,3 миң сом** калыбына келтирилсин.

**6.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **656,6 миң сомду** түзгөн, 27,6 миң сому калыбына келтирилген. Анын ичинен:

- *жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен:* подрядчы “Строй Партнер” ЖЧКсы тарабынан “Ананьево айылына балдар аянтын уюштуруу жумуштарын аткарууда” *194,5 миң сомго* жогорулатылган жана 4 % бирдиктүү

салыгы *41,2 миң сомго* ашык алынган; подрядчы “Айдос Сервис” ЖЧКсы тарабынан “Көк-Дөбө айылына көпүрө курууда” *10,5 миң сомго;* подрядчы “Акулов и Партнеры” ЖЧКсы тарабынан “Келечек бала бакчасын капиталдык оңдоодон өткөрүүдө” 94,7 *миң сомго* жогорулатылган жана 4 % бирдиктүү салыгы 60,6 *миң сомго* ашык алынган*;* подрядчы “Аракет Сервис” ЖЧКсы тарабынан “Көк-Дөбө айылындагы Ш. Эсеналиев атындагы орто мектебин капиталдык оңдоодон өткөрүүдө” *155,1 миң сомго;*

- *Ысык-Көл районун өнүктүрүү фондусунун каражаттарынын эсебинен:* подрядчы “Бакай Темир” ЖЧКсы тарабынан “Ананьево айыл өкмөтүнүн №2 “Келечек” бала бакчасынын жылытуу түйүнүн оңдоодо” *39,6 миң сомго* жогорулатылган жана 4 % бирдиктүү салыгы *60,4 миң сомго* ашык алынган (кошумча аткарылган иштердин эсебинен 27,6 миң сому калыбына келтирилди).

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин:

-*жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен:* подрядчы “Строй Партнер” ЖЧКсы тарабынан “Ананьево айылына балдар аянтын уюштуруу жумуштарын аткарууда” *194,5 миң сом* жана ашык алынган 4 % бирдиктүү салыгы *41,2 миң сом*; подрядчы “Айдос Сервис” ЖЧКсы тарабынан “Көк-Дөбө айылына көпүрө курууда” 10,5 *миң сом;* подрядчы “Акулов и Партнеры” ЖЧКсы тарабынан “Келечек бала бакчасын капиталдык оңдоодон өткөрүүдө” 94,7 *миң сом* жана ашык алынган 4 % бирдиктүү салыгы 60,6 *миң сом;* подрядчы “Аракет Сервис” ЖЧКсы тарабынан “Көк-Дөбө айылындагы Ш. Эсеналиев атындагы орто мектебин капиталдык оңдоодон өткөрүүдө” *155,1 миң сом;*

- *Ысык-Көл районун өнүктүрүү фондусунун каражаттарынын эсебинен:* подрядчы “Бакай Темир” ЖЧКсы тарабынан “Ананьево айыл өкмөтүнүн №2 “Келечек” бала бакчасынын жылытуу түйүнүн оңдоодо” *12,0 миң сомго* жогорулатылган жана 4 % бирдиктүү салыгы *60,4 миң сомго* ашык алынган (кошумча аткарылган иштердин эсебинен 27,6 миң сому калыбына келтирилгендиги эске алынсын).

**7. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **562,3 миң сомго** жумуштар, товарлар жана кызматтар сатылып алынган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилбесин.

Аудит мамлекеттик инспекторлор Н.Шабралиев, Б. Токтомамбетов, Н. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

## Абдрахманов айыл өкмөтү

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2019-жылдагы 31-декабрындагы №150-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик сатып алуулар жаатындагы ченемдик-укуктук актыларынын” (КР Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85 жана КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтомуна ылайык күчүн жоготкон) талаптарын бузууга жол берилген, анын “Жөнөкөйлөтүлгөн усулу менен товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга стандарттуу конкурстук документтер стандарттык конкурстук документтерди колдонуу боюнча колдонмонун 5-пунктунда товардын техникалык спецификациясынын талаптарына соода маркасы жана товардык белгиси камтылууга тийиш эмес деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан талап кылынган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин" талаптары так сакталсын.

Аудит мамлекеттик инспектор Т.Анаркулов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Бостери айыл өкмөтү (Чолпон-Ата шаарына кошулган)**

1. **Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган. Анын ичинен төмөнкү жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмү калыбына келтирилген эмес: подрядчы "Инсерт" ЖЧКсы тарабынан "Бостери айыл өкмөтүнүн А.Мамытов мектебинин даараткансын оңдоодо" 19,4 миң сом; подрядчы "Эльбурс Строй" ЖЧКсы тарабынан "Бостери айыл өкмөтүнүн кичи суу сактагычын тазалоодо" негизсиз алынган 75,3 миң сом суммасында кошумча нарк салыгы.

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын.

2. **Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Аудит камтыган мезгил аралыгында айыл чарба багытындагы эмес жерлердин ижара акылары боюнча жалпы **508,1 миң сом** өндүрүлгөн эмес. Анын ичинде: 2022-жылга 71,5 миң сом, 2023-жылга 436,6 миң сом ( "ДДД Ж. Ажибекова" ЖЧК 3 га, "Кыргыз Деңиз эс алуу жайы" 4,83 га, "Белек эс алуу жайы" 2,40 га).

**Сунуштама:** Айыл чарба багытындагы эмес жерлердин 3 ижарачысынан **508,1 миң сом** ижара акысы өндүрүлүп, бюджетке которулсун.

3. **Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын "Жайыт жөнүндө" Мыйзамынын 10-беренесинин талаптарын бузууга жол берилген, жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан 2022-жылга жалпы **106,5 миң сом** өлчөмүндө жайыт жыйымдары өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан жалпы **106,5 миң сом** жайыт жыйымдарын өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн. Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексинин 37-беренесинин талаптарына ылайык туум эсептелинип өз убагында өндүрүлсүн.

4. **Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Айыл өкмөттүн балансында турган "Мерседес спринтер" үлгүсүндөгү автоунаанын айдоочусу тарабынан жол эрежесин бузгандыгы үчүн айып пул **22,9 миң сом** төлөнбөстөн, "Бостери-Суу" муниципалдык ишканасынын эсебинен төлөнгөн. Аудит учурунда 22,9 миң сом 2024-жылдын 1-мартындагы №24 кириш ордери менен ишкананын кассасына кириштелди.

**Сунуштама:** Мындан ары, айып пулга (штраф) салынган акча каражаттары ишкананын эсебинен төлөнбөстөн күнөөлүү кызматкерлердин эсебинен төлөнсүн.

5. **Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **231,9 миң сомду** түзгөн. Анын ичинен: *жергиликтүү бюджеттин эсебинен*: подрядчы "Вилла" ЖЧКсы тарабынан "Бостери айылында Х. Жээнбаев атындагы орто мектебинин жыйындар залын капиталдык ремонттон өткөрүүдө" *14,9 миң сомго* жана "Бостери айыл өкмөтүндө стелла курууда" *10,5 миң сомго*; подрядчы "Эраалы Энерго Строй" ЖЧКсы тарабынан "Бактуу-Долоноту айылында кичи футбол аянтчасын курууда" *17,4 миң сомго,* подрядчы "Бает Жаштары" ЖЧКсы тарабынан "Бостери Ата" эстелигин тургузуу жана аянтын жашылдандырууда *90,6 миң сомго;* подрядчы "Колдоо Шоп" ЖЧКсы тарабынан "Бактуу-Долоноту айылындагы Т. Атаев атындагы орто мектебинин айланасына брусчатка төшөөдө" *12,2 миң сомго;* подрядчы "Баю пласт" ЖЧКсы тарабынан "Бостери айылындагы "Чынар" бала бакчасынын имаратынын терезелерин алмаштырууда" *25,6 миң сомго* жогорулатылган жана аткарылган иштин актысында 4% бирдиктүү салыгы *35,4 миң сомго* ашык алынган, *дем берүүчү гранттын*

*эсебинен:* подрядчы “Сапат Билд” ЖЧКсы тарабынан “Бактуу-Долоноту айылындагы Т. Атаев атындагы орто мектебинде электр монтаждоо жана жылытуу түйүнүн оңдоодо” *15,3 миң сомго* жана “Бостери айылындагы А. Мамытов атындагы орто мектебинде электр монтаждоодо жана жылытуу түйүнүн оңдоодо” *10,0 миң сомго.*

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин: подрядчы “Сапат Билд” ЖЧКсы тарабынан “Бактуу-Долоноту айылындагы Т. Атаев атындагы орто мектебинде электр монтаждоо жана жылытуу түйүнүн оңдоодо” *(дем берүүчү гранттын эсебинен каржыланган)15,3 миң сом*; подрядчы “Сапат Билд” ЖЧКсы тарабынан “Бостери айылындагы А. Мамытов атындагы орто мектебинде электр монтаждоодо жана жылытуу түйүнүн оңдоодо” *10,0 миң сом (дем берүүчү гранттын эсебинен каржыланган)*; подрядчы “Вилла” ЖЧКсы тарабынан “Бостери айылында Х. Жээнбаев атындагы орто мектебинин жыйындар залын капиталдык ремонттон өткөрүүдө” 14,9 *миң сом* жана “Бостери айыл өкмөтүндө стелла курууда” 10,5 *миң сом*; подрядчы “Эраалы Энерго Строй” ЖЧКсы тарабынан “Бактуу-Долоноту айылында кичи футбол аянтчасын курууда” 17,4 *миң сом*, подрядчы “Бает Жаштары” ЖЧКсы тарабынан “Бостери Ата” эстелигин тургузуу жана аянтын жашылдандырууда 90,6 *миң сом;* подрядчы “Колдоо Шоп” ЖЧКсы тарабынан “Бактуу-Долоноту айылындагы Т. Атаев атындагы орто мектебинин айланасына брусчатка төшөөдө” *12,2 миң сом;* подрядчы “Баю пласт” ЖЧКсы тарабынан “Бостери айылындагы “Чынар” бала бакчасынын имаратынын терезелерин алмаштырууда” 25,6 *миң сом* жана ашык алынган 4% бирдиктүү салыгы *35,4 миң сом.*

**6. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомуна таянып, аталган токтом менен бекитилген типтүү тизменин 42-главасынын 17-пункту Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 29-августундагы №474 “Бюджеттик чөйрөнүн кызматкерлеринин эмгек акы төлөө шарттарын жөнгө салуучу Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым чечимдерине өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө” токтомунун негизинде күчүн жоготкондугуна карабастан, “Бостери-Тазалык” муниципалдык ишканасында 2022-жылдын сентябрь айынан декабрь айына чейин компьютер менен иштегендигине 2 кызматкерге жалпы **22,4 миң сом** зыяндуулук үчүн кошумча акы төлөнүп берилген. Аудит учурунда 2024-жылдын 14-мартындагы №Д47 жана №Д48 кириш ордерлери менен ишкананын эсебине кайтарылды.

**Сунуштама:** Эмгек акыларга зыяндуулук үчүн кошумча акы төлөөдө Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги № 258 “Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө” токтомунун талаптары так сакталсын.

Аудит мамлекеттик инспектор И.Артукбаев, Б. Токтомамбетов, Н. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кара-Ой айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Шайыбек-Ата айыл өкмөтү)**

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган. Анын ичинен: подрядчы "Транстройдор Сервис" ЖЧКсы тарабынан аткарылган иштердин актысы өткөрүлбөстүгүнө карабастан негизсиз подрядчыга которулуп берилген 2,5 миң сом; айыл чарба багытында эмес жерлеринин 7 ижарачысына кошуп эсептелинген 1014,1 миң сом жер салыгы калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **176,9 миң сомду** түзгөн. Анын ичинен *жергиликтүү бюджеттин эсебинен*: подрядчы "Ысык-Көл СельЭнерго" ЖЧКсы тарабынан: "Кара-Ой айыл өкмөтүндө откана жана көмүркана курууда" *62,8 миң сомго* жана "К. Бектенов орто мектебинин чатырын калыбына келтирүүдө" *9,7 миң сомго*; подрядчы "Мурас Экспресс" ЖЧКсы тарабынан "Кара-Ой айыл өкмөтүнүн күрөш залынын чатырын алмаштырууда" 4% бирдиктүү салыгы *16,6 миң сомго* ашык алынган, подрядчы "Гранд Роуд" ЖЧКсы тарабынан "Кара-Ой айыл өкмөтүнүн К. Бектенов мектебинин терезелерин алмаштырууда" *47,0 миң сомго* жогорулатылган жана 4% бирдиктүү салыгы *40,8 миң сомго* ашык алынган.

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин: подрядчы "Ысык-Көл СельЭнерго" ЖЧКсы тарабынан: "Кара-Ой айыл өкмөтүндө откана жана көмүркана куруууда" *62,8 миң сом* жана "К. Бектенов орто мектебинин чатырын калыбына келтирүүдө" *9,7 миң сом*; подрядчы "Мурас Экспресс" ЖЧКсы тарабынан "Кара-Ой айыл өкмөтүнүн күрөш залынын чатырын алмаштырууда" ашык алынган 4% салыгы *16,6 миң сом*, подрядчы "Гранд Роуд" ЖЧКсы тарабынан "Кара-Ой айыл өкмөтүнүн К. Бектенов мектебинин терезелерин алмаштырууда" *47,0 миң сом* жана ашык алынган 4% бирдиктүү салыгы *40,8 миң сом.*

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2022-жылдын 1-январына карата муниципалдык жер тилкелерине жана муниципалдык менчик обьектилерине ижара акысынын калдыгы 145,2 миң сом болгон, ижара акысы жалпы 3112,3 миң сомго эсептелинген, аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы 2735,3 миң сомго ижара акысы түшкөн. Жыл башында калдык 522,2 миң сом (анын ичинде ижарачылардан ашыкча төгүү жана дебитордук карыз менен бирге).

2024-жылдын 1-январына карата муниципалдык жер тилкелерине жана муниципалдык менчик обьектилерине ижара акысынан ашыкча төгүү 4,0 миң сомду түзсө, ал эми, муниципалдык жер тилкелерине жана муниципалдык менчик обьектилерине болгон ижара акысынан **518,2 миң сомду** түзгөн дебитордук карыздар өндүрүлгөн эмес.

Белгилей кетсек, муниципалдык жер тилкелерине жана муниципалдык менчик обьектилерине болгон ижара акысынан дебитордук карыздардын келип чыгышы кээ бир ижарачылардан ижара акысы келишим түзүлгөндөн аудит учуруна чейин ижара акылары төгүлбөй келет.

**Сунуштама:** Муниципалдык жер тилкелерине жана муниципалдык менчик обьектилерине болгон ижара акысынан **518,2 миң сом** дебитордук карыздарды өндүрүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**4. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 27-октябрындагы №125 "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү" Мыйзамынын 21-беренесинин 7-пунктунда "Убактылуу жок болгон кызматчыны алмаштыруу боюнча эмгектик иш мамлекеттик жана муниципалдык кызматтагы стажга эсептелинет. Мында убактылуу жок болгон

кызматчыны алмаштыруу үчүн кадрлар резервинде турган адам чакырылат же жок болгон кызматчынын функциялык милдеттери бир же бир нече кызматкерге милдеттүү түрдө жүктөлөт жана аларга кызматтык маянасынын 25 пайызынан кем эмес өлчөмдө үстөк төлөп берилет” - деп белгиленгендигине карабастан, айыл өкмөтүнүн башчысынын 2022-жылдын 1-мартындагы №3 буйругунун негизинде бухгалтер-кассир кызматынын ордуна кадрлар резервинде турбаган Б.Абдыкасымов убактылуу кызматка алынган жана 2023-жылдын 2-июнундагы №7 буйругунун негизинде кызматтан бошотулган. Кызмат өтөгөн мезгил аралыгында жалпы **334,6 миң сом** эмгек акы негизсиз эсептелинип төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттуулукта дебитордук карыздарды убагында чагылдыруу талаптары аткарылган эмес. 2023-жылы ноябрь айында “Ысык-Көл Сельэнерго” ЖЧКсына түзүлгөн келишимдин негизинде айылдын маданият үйүн капиталдык ремонттон өткөрүүгө 3706,9 миң сом которулуп берилген. Ошондой эле, “Мурас экспресс” ЖЧКсына түзүлгөн келишимдин негизинде айылдын таштандыларды төгүүчү жайынын тегереги тосулган тосмону капиталдык ремонттон өткөрүүгө 2023-жылдын 7-декабрында 1633,9 миң сом которулуп берилген. Ондоо иштери аткарылып келет, бирок жыл аягы менен айыл өкмөттүн бухгалтердик балансында жана маалымат баракчаларында жогоруда белгиленген акча каражаттары дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес, жалпы **5340,9 миң сомго** дебитордук карыз жаап жашырылган. Аудит учурунда 5340,9 миң сомго тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, айыл өкмөтүнүн балансына кабыл алынды.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-апрелиндеги № 1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптары так сакталсын, бухгалтердик эсепте жана отчетто дебитордук карыздарды өз убагында чагылдыруу бөлүгү боюнча талаптары камсыздалсын.

**6. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** “Кара-Ой айыл өкмөтүнүн турак-жай коммуналдык чарба жана жашоо тиричиликти камсыздоо тутуму” мекемеси тарабынан аудит камтыган мезгил аралыгында 1104 түтүндүн ичинен болгону 493 түтүндөн таштандыларды чыгаруу кызматы үчүн акы алынган, б.а. 611 түтүндөн эки жылда 1246,4 миң сом (611*85*12ай*2жыл=1246,4) акча каражаты жыйналмак. Ичүүчү суу боюнча 5055 адамдын ичинен болгону 2427 адамдан суу акысы чогултулат, б.а. 2623 адамдан эки жылга 2038,7 миң сом жыйналмак. Жалпы *3285,1 миң сомду* түзгөн таштандыларды чыгаруу кызматы үчүн жана ичүүчү суу үчүн акылары өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Таштандыларды чыгаруу кызматы үчүн жана ичүүчү суу үчүн акылары акыларын өз убагында чогултуу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

Аудит мамлекеттик инспекторлор А.Усупов, Б. Токтомамбетов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кумбел айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Садыр Аке айыл өкмөтү)**

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган. Анын ичинен төмөнкүлөр калыбына келтирилген эмес: жалпы суммасы 29,1 миң сомдук жетпей калган негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар;

иштебеген күндөрү үчүн негизсиз төлөнүп берилген эмгек акысы боюнча 15,2 миң сом; негизсиз чыгышталган 20,5 миң сом; жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмү: подрядчы “Эверест плюс” ЖЧК тарабынан “Корумду айылынын Жаштык жана Орозакунов көчөлөрүн электр жабдуулары менен камсыздоодо” 18,4 миң сом жана Корумду айылынын ички жолдорун ондоодо 151,0 миң сом; подрядчы ЖИ “Ш. Иманалиев тарабынан “Айыл өкмөтүндө ТМЗ-250 трансформаторун орнотуу жумуштарында” 30,5 миң сом; подрядчы “Дастан Строй Групп” ЖЧК тарабынан “Айыл өкмөтүндөгү К.Орозов атындагы мектебинин терезелерин алмаштырууда” 13,4 миң сом; подрядчы “Крупностроительная компания” ЖЧКсы тарабынан “Корумду айылынын Орозов көчөсүнө электрчубалгыларын жана трансформатор орнотуу жумуштарында” негизсиз алынган 62,5 миң сом кошумча нарк салыгы; эсептен жаап жашырылган 1000,0 миң сомдук дебитордук карыздар; айып пул үчүн негизсиз төлөнгөн 46,0 миң сом штаттык бирдиктер токтомдун талаптарына ылайык дал келтирилсин.

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** *Жергиликтүү бюджеттин эсебинен* подрядчы “Монолит КЖ” ЖЧКсы тарабынан “Кумбел айыл өкмөтүндөгү К. Орозовдун айкелин оңдоо жана стелла орнотууда” курулуш куроо иштеринин көлөмү **32,5 миң сомго** жогорулатылган.

Мындан тышкары, айыл өкмөтү тарабынан тийиштүү иш кагаздары (*аткарылган иштердин актысы, кабыл алуу актысы, сметалар, кемчилик актылары, төлөө тапшырмалар, сатып алуу актылар, көмүскөдө калган жумуштардын актысы, схемалар, ж.б.*) толук берилбегендигине байланыштуу, төмөндөгү курулуш объектилери боюнча аудит өткөрүү мүмкүн болгон жок: подрядчы “Азия Прогресс Групп” ЖЧКсы тарабынан Кумбел айыл өкмөтүнүн К.Орозов мектебинин терезелеринин откосторун оңдоо (736,8 миң сомго); подрядчы “Азия Прогресс Групп” ЖЧКсы тарабынан Кумбел айыл өкмөтүнүн К.Орозов мектебине витраж орнотуу жана кире бериштеги чатырчасын оңдоо (682,3 миң сомго); подрядчы “Вектор НУР” ЖЧКсы тарабынан Кумбел айыл өкмөтүнүн административдик имаратынын айланасын тосуу (558,9 миң сомго).

**Сунуштама:** Подрядчы “Монолит КЖ” ЖЧКсы тарабынан “Кумбел айыл өкмөтүндөгү К. Орозовдун айкелин оңдоо жана стелла орнотууда” **32,5 миң сомго** жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмү калыбына келтирилсин.

Төмөндөгү курулуш объектилери боюнча тиешелүү иш кагаздары толукталсын: подрядчы “Азия Прогресс Групп” ЖЧКсы тарабынан Кумбел айыл өкмөтүнүн К.Орозов мектебинин терезелеринин откосторун оңдоо (736,8 миң сомго); подрядчы “Азия Прогресс Групп” ЖЧКсы тарабынан Кумбел айыл өкмөтүнүн К.Орозов мектебине витраж орнотуу жана кире бериштеги чатырчасын оңдоо (682,3 миң сомго); подрядчы “Вектор НУР” ЖЧКсы тарабынан Кумбел айыл өкмөтүнүн административдик имаратынын айланасын тосуу (558,9 миң сомго).

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражат калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамасынын талаптарын бузууга жол берилген, 2023-жылга карата бюджеттик каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден **340,8 миң сомго** ашык отундун запасы аныкталды.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди

финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражат калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамасынын талаптарын бузууга жол берилбесин жана жылдын аягындагы нормативден **340,8 миң сомго** ашык запасы эсепке алынсын.

**4. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Ысык-Көл райондук сотунун 2022-жылдын 15-декабрындагы ГД-921-22-И4 чечиминин негизинде “мурунку айыл өкмөтүнүн милдетин аткаруучу М.Жылкычиева кызматчыны жумуштан бошотуунун белгиленген тартибин бузган” деп аныктап, С.А.Байтикова айыл өкмөтүнүн башкы бухгалтер кызматына кайрадан орноштурулуп жана аргасыз ишке чыкпаган күндөрү жана иштебей бош жүргөн күндөрү үчүн жалпы **483,1 миң сом** которулуп берилген.

Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Мыйзамынын 26-беренесинин талаптарына ылайык, зыяндын ордун толтурган мамлекеттик орган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы укукка сыйбаган аракеттерди түздөн-түз жасаган кызматчыга кайтарма талаптарды (регресс) коюу боюнча иш аракеттер көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Мурунку айыл өкмөтүнүн милдетин аткаруучу М.Жылкычиевага кайтарма талаптар (регресс) коюлсун жана М.Жылкычиевадан **483,1 миң сом** өлчөмүндөгү зыяндын орду өндүрүлсүн.

**5. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2023-жылы К. Орозов атындагы орто мектебине Ысык-Көл райондук өнүктүрүү фонду тарабынан алынып берилген **151,5 миң сомдук** 5 даана ноутбук, **887,2 миң сомдук** 270 даана күн энергиясы менен иштеген жол чырактар айыл өкмөттүн балансына кириштелбегени аныкталды.

**Сунуштама:** Жалпы суммасы **1038,7 миң сомдук** негизги каражаттар жана товардык-материалдык баалуулуктар “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптарына ылайык кириштелсин жана тийиштүү кызмат адамдары тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**6.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **795,1 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган, анын ичинен: 2022-жылы 145,3 миң сом, 2023-жылы 649,8 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**7. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» Мыйзамынын 51-беренесинин 1-бөлүмүнүн талаптарына ылайык аймактын социалдык-экономикалык өнүктүрүү программасынын долбоору айылдык кеңеш бекиткенден кийин алардын аткарылышы камсыз кылынган эмес, аларды расмий сайтка жарыялап жана (же) жергиликтүү кеңеш тарабынан аныкталган атайын көрүнүктүү жерлерге (тактаcomponent, стенддерге) жайгаштырган эмес. Мындан тышкары, социалдык-экономикалык өнүгүү программасында көрсөтүлгөн айыл өкмөтүнүн имаратынын курулушу боюнча чаралар көрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндөгү» Мыйзамынын талаптары так аткарылсын.

**8. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы № 2-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, айыл өкмөтүнүн башчысы тарабанын чарбалык операцияларды жүргүзүү жана акча каражаттарын

подотчетко берүү, ала турган жооптуу адамдардын тизмеси боюнча буйрутма чыгарылган эмес. Мындан тышкары, подотчет берилген акча каражаттарына авансалык отчеттор өз убагында тапшырылбайт. Чыгыштоо жана орнотуу актылары белгиленген тартипте жана мазмундуу түзүлбөстөн жалпыланып түзүлгөн. Сатып алуу актыларында реквизиттер толук толтурулбайт жана жетекчи тарабынан бекитилбейт.

**Сунуштама:** Подотчеттук адамдар менен эсептешүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-апрелиндеги №1-Б "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча" жобосунун талаптары так сакталсын.

**9. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамынын 9-беренесинин талаптары аткарылган эмес. Муниципалдык менчик объекттеринин реестри түзүлүп жана жүргүзүү тартиби айыл өкмөтү тарабынан белгиленген эмес жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамына ылайык, муниципалдык менчик объекттеринин реестри түзүлүп жана жүргүзүү тартиби айыл өкмөтү тарабынан белгиленсин жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилсин.

**10. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, бухгалтердик эсеп 1-С программасына кошулган эмес.

Белгилей кетсек, аудитке бухгалтердик отчеттор, маалыматтар жана башка иш кагаздар толук көрсөтүлгөн жок.

**Сунуштама:** Бухгалтердик эсеп Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчетту жүргүзүү боюнча" жобосунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**11. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптарын бузууга жол берилген, аудит камтыган мезгил аралыгында келишимдин негизинде айыл өкмөтү өзүнө таандык жеңил автоунаасын кызматтык автоунаа катары колдонууда компенсация төлөнбөстөн, жалпы *408,4 миң сомго* күйүүчү май жана *30,0 миң сомго* унаа тетиктери негизсиз чыгышталган.

**Сунуштама:** Өзүнүн жеңил автоунаасын кызматтык автоунаа катары пайдаланууда, чыгымдар Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2006-жылдын 18-сентябрындагы №672 "Менчик жеңил автомобилдерди кызматтык сапарларга пайдалангандык үчүн компенсациянын нормалары жөнүндө" токтомунун талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

Аудит мамлекеттик инспекторлор Б.Абдыкасымов, С.Жумадылов, Б. Токтомамбетов, Н. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

### Кумбел айыл өкмөтүндөгү "Таза аймак" муниципалдык ишканасы

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө" нускамасынын талаптарын бузууга жол

берилген,  2023-жылга кызматкерлердин эмгек акыларынан эсептелинбей калган социалдык камсыздандыруу төгүмдөрү **125,1 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:** Эсептелинбей калган **125,1 миң сом** социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү  чегерилип, тиешелүү бюджеттерине которулсун.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Муниципалдык ишкананын бекитилген штаттык ырааттамасында жана чыгаша сметасында болгону кызматтык маяна каралган, пайыздык жана башка үстөктөр, жөлөкпул жана сый акы каралган эместигине карабастан, негизсиз **95,5 миң сом** өлчөмүндө сый акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Сый акыларын төлөө бекитилген штаттык ырааттамага ылайык жүргүзүлсүн. Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин  талаптары так сакталсын жана  тийиштүү кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**3.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө**"** жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, муниципалдык ишкана тарабынан эсеп кысап жүгүртмө баракчалары, регистрлер жүргүзүлгөн эмес жана бухгалтердик баланс түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө**"** жобосуна ылайык жүргүзүлсүн жана айыл өкмөт тарабынан көзөмөлгө алынсын.

Аудит маминспекторлор Б.Абдыкасымов, С.Жумадылов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Өрүктү айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Ж. Абдрахманов айыл өкмөтү)**

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин 74-беренисине ылайык, убактылуу ордун ээлөөнүн узактыгы 3 айдан ашпоосу керек. Айыл өкмөтүнүн аскердик каттоо инспектору Салымбай у. Айбекке 2023-жылдын 2-майындагы №9 буйругунун негизинде жер адисинин милдети 25% кошумча эмгек акы менен жүктөлгөн, бардыгы 7 айга эмгек акы төлөнүп, анын ичинен 4 айга негизсиз **15,5 миң сом** эмгек акы төлөнүп берилген, анын ичинде камсыздандыруу төлөмү 2,3 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексинин талаптары так сакталсын, негизсиз  эмгек акыларын төлөөгө жол берилбесин.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун" КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы № 1-Б буйругу менен күчүн жоготкон) 313-беренесинде «жабдып берүүчү тарабынан авансттык төлөм суммасына кепилдик берүү шартында, аванстык төлөмдөрдүн суммасы (алдын-ала төлөө) келишимдин жалпы суммасынын 10 пайызынан ашпоого тийиш» деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, 2022-жылдын 25-сентябрында "Султан Кербек" ЖЧКсы менен айыл өкмөттүн ортосунда (конкурстун жыйынтыгы менен) **118,6 миң сомго** келишим түзүлүп, акча каражаты толугу менен аталган ЖЧКга которулуп берилген, 2022-жылдын 3-октябрында катталган аткарылган иштердин актысы тапшырылган.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары

тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча жобосунун" талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2019-жылдагы 31-декабрындагы №150-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жаатындагы ченемдик-укуктук актыларынын" (КР Финансы министрлигинин 2022-жылдын 17-майындагы №85 жана КР Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтомуна ылайык күчүн жоготкон) талаптарын бузууга жол берилген, андагы "Жөнөкөйлөтүлгөн усулу менен товарларды, жумуштарды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга стандарттуу конкурстук документтер стандарттык конкурстук документтерди колдонуу боюнча колдонмонун 5-пунктунда товардын техникалык спецификациясынын талаптарына соода маркасы жана товардык белгиси камтылууга тийиш эмес дегендигине карабастан талап кылынган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 19-сентябрындагы №489 токтому менен бекитилген "Мамлекеттик сатып алуулар жол-жоболорун жүргүзүү тартибинин" талаптары так сакталсын.

Аудит мамлекеттик инспектор Т.Анаркулов тарабынан жүргүзүлгөн.

### Садыр Аке айыл өкмөтү

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган. №2 Мамлекеттик резиденцияга (Чолпон-Ата шаарындагы) ижарага берилген 152,0 га айылчарба багытындагы жерлерге кошуп эсептелинген 116,0 миң сом жер салыгы калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2023-жылга айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондусунун жерлеринин 5 (беш) ижарачыларынан жалпы суммасы **291,2 миң сом** ижара акылары өндүрүлгөн эмес, ижара боюнча келишимдеринин талаптары сакталган эмес.

**Сунуштама:** Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун жерлеринин 5 (беш) ижарачысынан **291,2 миң сом** ижара акысы өндүрүлүп, бюджетке которулсун.

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын «Жайыт жөнүндө» Мыйзамынын 11-беренесине ылайык, «Жайыт жерлерин пайдалануу үчүн каражаттар жергиликтүү бюджетке түшөт жана жайыт жерлерин пайдалануу үчүн келип түшкөн каражаттардын үчтөн экисинен кем эмес бөлүгү жайыттарды пайдалануунун жылдык планына ылайык жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртууга, ошондой эле жайыт комитетин күтүүгө пайдаланылат. Аудит камтыган мезгил аралыгында жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан **3,7 миң сом** акча каражаты бирдиктүү казыналык эсептен тышкары пайдаланылган.

**Сунуштама:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан бирдиктүү казыналык эсептен тышкары пайдаланылган **3,7 миң сом** калыбына келтирилсин.

**4.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Дем берүүчү гранттын каражаттарынын эсебинен подрядчы "Пегас Сервис Компани" ЖЧКсы тарабынан "Григорьевка айылындагы бала бакчасынын эшик, терезелерин алмаштырууда жана чатырын капиталдык оңдоодо" курулуш куроо иштеринин көлөмү **29,6 миң сомго** жогорулатылган.

**Сунуштама:** Подрядчы "Пегас Сервис Компани" ЖЧКсы тарабынан "Григорьевка айылындагы бала бакчасынын эшик, терезелерин алмаштырууда жана

чатырын капиталдык оңдоодо” **29,6 миң сомго** жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмү калыбына келтирилсин.

**5.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарында жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортту азайтуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражатын үнөмдөө боюнча чаралар жөнүндө” жана КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 “Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматтык жана нөөмөттүк автотранспортун пайдаланууну тартипке келтирүү боюнча чаралар жөнүндө” токтомдорунун талаптарын бузууга жол берилген, айыл өкмөттүн балансында 3 (үч) кызматтык автоунаа (Фольксваген гольф автоунаасы, Жигули ВАЗ жана Автомашина KIA RIO седан) катталган, б.а. 2 (эки) бирдик автоунаа ашык. Белгилей кетсек, Фольксваген гольф автоунаасы жана Жигули ВАЗ автоунаасы оңдоого жараксыз абалда болгондугуна карабастан, чыгышталбай айыл өкмөтүнүн балансында катталып келет.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 жана Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 30-апрелиндеги №240 токтомдорунун талаптары так сакталсын.

Аудит мамлекеттик инспекторлор М.Алымкулов, К. Шабралиев, Б. Токтомамбетов, Н. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

**Семеновка айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Садыр Аке айыл өкмөтү)**

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** *Ысык-Көл районунун өнүктүрүү фондусунун каражаттарынын эсебинен* подрядчы “Вилла” ЖЧКсы тарабынан “Семеновка айылындагы клубдун имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүдө” курулуш куроо иштеринин көлөмү **25,4 миң сомго** жогорулатылган.

**Сунуштама:** Подрядчы “Вилла” ЖЧКсы тарабынан “Семеновка айылындагы клубдун имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүдө” **25,4 миң сомго** жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмү калыбына келтирилсин.

Подрядчылар тарабынан аткарылган жумуштарында курулуш куроо иштеринин көлөмүн жогорулатууга жол бербөө максатында көзөмөл жүргүзүлсүн.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2022-жылдын мартында айыл өкмөттүн 5 кызматкерине аванс катары төлөнүп берилген **85,2 миң сом**, эмгек акысынан кармалган эмес. Аудит учурунда 2024-жылдын 28-мартындагы №324400100, №324400102, №324400104, №324400106 жана №324400108 дүмүрчөктөрү аркылуу бюджетке калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Кызматкерлерге эмгек акысынын эсебинен берилген аванс өз убагында кармалсын.

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралуу” токтомунун талаптарын бузууга жол берилген, “Суу каналдары жана аймакты өнүктүрүү” муниципалдык ишканасында жарандар суу үчүн төлөмдөрдү кириштөө жана каттоо үчүн кассалык китеп ачылган эмес, акча жана башка баалуулуктарды сактоого, кабыл алууга жана берүүгө атайын жай каралган эмес, акча каражаттары атайын күйбөй турган металл шкафтарда сакталбайт.

**Сунуштама:** Мындан ары муниципалдык ишканада Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы № 281 “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралуу” токтому менен бекитилген тартиптин талаптары так

сакталсын. Акча каражаттардын эсебин жүргүзүү үчүн кассалык китеп ачылып, так эсеп жүргүзүлсүн.

Аудит мамлекеттик инспекторлор И.Артукбаев, Б. Токтомамбетов, Н. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

**Тамчы айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Тору-Айгыр-Тамчы айыл өкмөтү)**

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган. Тамчы айыл өкмөтү тарабынан Тамчы мектеп-гимназиясынын имаратына электр жабдууларын камсыздоо жумуштары боюнча 10,0 миң сом жогорулатылган курулуш куроо иштери калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **48,8 миң сомду** түзгөн, 15,9 миң сому калыбына келтирилген. Анын ичинен: *жергиликтүү бюджеттин эсебинен* подрядчы “Ырыс-Сыдык” ЖЧКсы тарабынан: “Тамчы айылындагы сейил багына брусчатка төшөөдө” 4% бирдиктүү салыгы *22,8 миң сомго* ашык алынган; “Тамчы айылындагы сейил багынын дарбазасын орнотуу, жарыктандыруу иштерин аткарууда” *5,7 миң сомго* жогорулатылган (аудиттен кийин 2024-жылдын 5-июлундагы №...1223 Төлөө тапшырмасы аркылуу 5,2 миң сому калыбына келтирилди) жана 4% салыгы *10,1 миң сомго* ашык алынган; “Чырпыкты айылындагы Акеш Көчөсүндөгү аянтчасынын айланасын тосууда” буюртмачы тараптан *10,2 миң сом* ашык которулуп берилген, б.а. аталган объект боюнча сметалык баасы 52,5 миң сом болгон, АИА 42,3 миң сомго тапшырылган, аудит учурунда 2024-жылдын 1-июлундагы №266832422 дүмүрчөгү аркылуу 10,2 миң сом калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин: подрядчы “Ырыс-Сыдык” ЖЧКсы тарабынан: “Тамчы айылындагы сейил багына брусчатка төшөөдө” ашык алынган 4% бирдиктүү салыгы *22,8 миң сом* жана “Тамчы айылындагы сейил багынын дарбазасын орнотуу, жарыктандыруу иштерин аткарууда” ашык алынган 4% салыгы *10,1 миң сом*.

Подрядчылар тарабынан аткарылган жумуштарында курулуш куроо иштеринин көлөмүн жогорулатууга жол бербөө максатында ар дайым көзөмөл жүргүзүлсүн.

**3.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн 2022-жылга жалпы **7445,8 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**4. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-апрелиндеги № 1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, айыл өкмөтүнүн башчысы тарабанынан чарбалык жана операциалык чыгаша акчаны подотчетко берүү, ала турган жоопту адамдардын тизмеси боюнча буйрутма чыгарылган эмес. Мындан тышкары, подотчетко берилген акча каражаттарына авансалык отчеттор өз убагында тапшырылбайт. Чыгыштоо жана орнотуу актылары белгиленген тартипте жана мазмундуу түзүлбөстөн жалпыланып түзүлгөн. Сатып алуу актыларында реквизиттер толук толтурулбайт жана жетекчи тарабынан бекитилбейт.

**Сунуштама:** Подотчеттук адамдар менен эсептешүүдө Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-апрелиндеги № 1-Б “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптары так сакталсын.

**5. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын «Муниципалдык менчик каражаттар» тууралуу Мыйзамынын 9-беренесинин талаптарын бузууга жол берилген, муниципалдык менчик объекттеринин реестри түзүлүп жана жүргүзүү тартиби айыл өкмөтү тарабынан белгиленген эмес жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын «Муниципалдык менчик каражаттар» тууралуу Мыйзамына ылайык, муниципалдык менчик объекттеринин реестри түзүлүп жана жүргүзүү тартиби айыл өкмөтү тарабынан белгиленсин жана жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилсин.

Аудит мамлекеттик инспекторлор Б.Абдыкасымов, Б. Токтомамбетов, Н. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

### “Тамчы турак-жай коммуналдык чарбасы” муниципалдык ишканасы

**1. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган. Подотчеттук адамдардын эсебинен негизсиз чыгышталган жалпы 54,3 миң сом тастыктоочу иш кагаздарын толуктоо жолу менен калыбына келтирилген эмес.

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Салык кодексинин жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” нускамасынын талаптарын бузууга жол берилген, кызматкерлердин эмгек акыларынан эсептелинбей калган социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү **100,9 миң сомду** жана киреше салыгы **31,1 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:** Эсептелинбей калган **100,9 миң сом** социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү жана **31,1 миң** сом киреше салыгы чегерилип, тиешелүү бюджеттерине которулсун.

**3.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Муниципалдык ишкананын бекитилген штаттык ырааттамасында жана чыгаша сметасында болгону кызматтык маяна каралган, пайыздык жана башка үстөктөр, жөлөкпул жана сый акы каралган эместигине карабастан, негизсиз **370,3 миң сом** өлчөмүндө сый акы төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Сый акыларын төлөө бекитилген штаттык ырааттамага ылайык жүргүзүлсүн.

**4.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын жана “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар уставтык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор анын ичинде алардын түйүндү чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюуштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралу” жобосунун талаптарын бузууга жол берилген. Муниципалдык ишкана тарабынан конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **3704,0 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын жана “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар уставтык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке

таандык болгон чарбакер коомдор анын ичинде алардын түйүндү чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун типтүү тартибин бекитүү тууралу" жобосунун талаптары так сакталсын.

**5.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун" талаптарын бузууга жол берилген, подотчеттук адамдар менен эсептешүүдө бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү так сакталган эмес, подотчетко берилген акча каражаттарына авансалык отчеттор өз убагында тапшырылбайт. Чыгыштоо жана орнотуу актылары белгиленген тартипте жана мазмундуу түзүлбөстөн жалпыланып түзүлгөн. Сатып алуу актыларында реквизиттер толук толтурулбайт жана жетекчи тарабынан бекитилбейт.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2024-жылдын 22-апрелиндеги №1-Б буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобонун" талаптары так сакталсын. Подотчеттук адамдар менен эсептешүү бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**6.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамынын жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, муниципалдык ишкана тарабынан эсеп кысап жүгүртмө баракчалары, регистрлер жүргүзүлгөн эмес жана бухгалтердик баланс түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Бухгалтердик эсеп жана отчеттуулук Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө" жобосуна ылайык жүргүзүлсүн жана айыл өкмөт тарабынан көзөмөлгө алынсын.

Аудит мамлекеттик инспектор Б.Абдыкасымов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Темир айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Садыр Аке айыл өкмөтү)**

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2023-жылга карата Темир айыл өкмөтүндө 9305 адам, 2048 түтүн. Айылдык кенештин токтому менен айыл ичинде ичүүчү сууга Кашат айылы боюнча ар бир түтүнгө (964) 100 сомдон жана Темир айылы боюнча ар бир киши башына (1048) 30 сомдон тариф белгиленген.

«Келечек» муниципалдык ишканасына ичүүчү суу боюнча 2023-жылга Кашат айылынын абоненттерине 1156,8 миң сом эсептелинип, 485,9 миң сом чогулган, Темир айылынын абоненттерине 1131,8 миң сом эсептелинип, 678,8 миң сом чогулган жана мекемелерге 210,0 миң сом эсептелинип, 190,7 миң сом келип түшкөн. Ошондой эле, Темир айыл өкмөтүндө жайгашкан карьер ижарага жылына 750,0 миң сомго берилип, 350,0 миң сом ижара акысы келип түшкөн.

Натыйжада, 2024-жылдын 1-январына карата ичүүчү суу үчүн акылар боюнча жалпы **1143,2 миң сом** жана карьердин ижара акысы боюнча **400,0 миң сом** (жалпы *1543,2 миң сом*) өндүрүлгөн эмес.

Белгилей кетсек, «Келечек» муниципалдык ишканасы тарабынан 2023-жылдык финансалык отчетунун бухгалтердик балансы түзүлгөн эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” жобосунун талаптары так сакталсын. Ичүүчү суу үчүн акылар боюнча жалпы 1143,2 миң сом жана карьердин ижара акысы боюнча **400,0 миң сомду** өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражат калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамасынын талаптарын бузууга жол берилген, 2022-жылга карата бюджеттик каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден **142,4 миң сомго** ашык отундун запасы аныкталды.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген “Бюджеттик мекемелерди финансылоодо жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражат калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө” нускамасынын талаптары так сакталсын.

**3. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде 2023-жылдын апрель айындагы кассасынын жүгүртүлүшүндө калдыгы **5,4 миң сомго** жана октябрь айындагы калдыгы **10,0 миң сомго** кем чыкканы аныкталды. Аудит учурунда 2024-жылдын 13-мартындагы №52782 дүмүрчөгү аркылуу калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” жобосунун талаптары так сакталсын жана айыл өкмөт тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**4.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Регионалдык Казына бөлүмү тарабынан кассада иштетилген акча каражатын ААК РСК Банкынын Чолпон-Ата филиалы тарабынан чек менен алынган акча каражаттарын салыштырууда айырмачылык келип чыккан, б.а. **5,0 миң сом** акча каражаты кассага кириштелбей калган.

**Сунуштама:** Тиешелүү адамдар тарабынан жетпей калган **5,0 миң сом** калыбына келтирилсин.

**5.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Аудит камтыган мезгил аралыгында Темир айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине эмгек акы берүүдө, кошумча ай сайын 5,0 миң сом тамак ашка жана 2,0 миң сом транспортко берилген жөлөк пулдан, кызматкерлердин жыл ичинде иш сапарга барган күндөрүнүн күнүмдүк берилген жөлөк пулу (суточные) эске алынбастан жөлөк пул төлөнүп берилген. Натыйжада айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине жалпысы **49,0 миң сом** эсебинде ашык жөлөк пул төлөнгөн.

**Сунуштама:**Темир айыл өкмөтүндө кызматкерлерге ашык төлөнүп берилген **49,0 миң сом** жөлөк пул калыбына келтирилсин.

Аудит мамлекеттик инспектор А.Усупов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Тору-Айгыр айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Тору-Айгыр-Тамчы айыл өкмөтү)**

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган. “Жайыт комитетинде” казынадан тышкары сарпталган жалпы 918,3 миң сом акча каражаты бюджетке калыбына келтирилген эмес. Иш кагаздары толукталган.

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын.

**2.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Аудит учурунда “Евразия канаттуулар фабрикасы” ЖЧКсынын канаттуулар фабрикасын куруу максатында жер тилкесине ижара акылары боюнча 2024-жылдын 1-январына **2 128,0 миң сом** төгүлгөн эмес.

**Сунуштама:** “Евразия канаттуулар фабрикасы” ЖЧКсынын **2128,0 миң сом** ижара акысы өндүрүлүп, бюджетке которулсун.

**3.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **166,4 миң сомду** түзгөн. Анын ичинен: Ысык-Көл *райондук өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен:* подрядчы “Гроссер Консалт” ЖЧКсы тарабынан “Сары-Камыш айылынын сугат суу түйүнүн оңдоодо жана селден коргоочу канал салууда” *135,2 миң сомго*; подрядчы “ЛОИ” ЖЧКсы тарабынан “Сары-Камыш айылынын сугат суу лотокторун оңдоодо” *24,3 миң сомго*; *жергиликтүү бюджеттин эсебинен*: подрядчы “Ырыс-Сыдык” ЖЧКсы тарабынан “Тору-Айгыр айылындагы К. Эшенкулов атындагы орто мектебинде брусчатка төшөөдө” *6,9 миң сомго*.

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин:

- подрядчы “Гроссер Консалт” ЖЧКсы тарабынан “Сары-Камыш айылынын сугат суу түйүнүн оңдоодо жана селден коргоочу канал салууда” *135,2 миң сом* (*Ысык-Көл райондук өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен)*;
- подрядчы “ЛОИ” ЖЧКсы тарабынан “Сары-Камыш айылынын сугат суу лотокторун оңдоодо” *24,3 миң сом (Ысык-Көл райондук өнүктүрүү фондунун каражаттарынын эсебинен)*;
- подрядчы “Ырыс-Сыдык” ЖЧКсы тарабынан “Тору-Айгыр айылындагы К. Эшенкулов атындагы орто мектебинде брусчатка төшөөдө” *(жергиликтүү бюджеттин эсебинен) 6,9 миң сом*.

**4.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** КР Финансы Министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттуулукта дебитордук карыздарды убагында чагылдыруу талаптары аткарылган эмес. 2020-жылдын 13-июлунда Тору-Айгыр айыл өкмөтү менен “Мега Вектор” ЖЧКсы ортосунда «Эксковатор Амкадор» тракторун алууга түзүлгөн эки тараптуу келишимдин негизинде 2 100,0 миң сом которулуп берилген. Бирок, аталган ЖЧК тарабынан 2021-жылдын аягында коюлган талапка ылайык эмес техника камсыздалган. Учурда техника (экскаватор-погрузчик) айыл өкмөтүндө турат. Бирок айыл өкмөтү тарабынан кабыл алынган эмес. Тору-Айгыр айыл өкмөтү тарабынан Нарын шаардык сотуна берилип, айыл өкмөтү тарабынан которулган 2100,0 сом акча каражатын жана 40,0 миң сом адвокатка жумшалган акча каржатын айыл өкмөтүнүн эсеп счетуна кайтарып берүү чечими чыккан. 2023-жылы жергиликтүү бюджеттин эсебине 388,6 миң сом кайтарылган. Аудит учурунда **1751,4 миң сом** айыл өкмөтүнүн бухгалтердик балансында дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес. Аудиттен

кийин тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөрдү жүргүзүү жолу менен эсепте чагылдырылды.

**Сунуштама:** КР Финансы Министрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” жобонун бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттуулукта дебитордук карыздарды өз убагында чагылдыруу бөлүгү боюнча талаптары камсыздалсын.

**5. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын жана КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин талаптарын бузууга жол берилген, “Тору-Айгыр Турак-жай коммуналдык чарбасы” муниципалдык ишканасында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **774,0 миң сомго** сатып алуулар жүргүзүлгөн. Анын ичинен: 500,0 миң сомго скважиналардын 7 насосун оңдоо үчүн жана скважинага жаңы насос алууга 274,0 миң сом.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын жана КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 10-июнундагы №301 токтому менен бекитилген “Мамлекеттик жана муниципалдык ишканалар, уставдык капиталдагы катышуу үлүшүнүн 50 жана андан ашык пайызы мамлекетке таандык болгон чарбакер коомдор, анын ичинде алардын туунду чарбалык коомдору тарабынан сатып алууларды уюштуруунун жана ишке ашыруунун” типтүү тартибинин талаптарын бузууга жол берилбесин.

**6.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясынын 2023-жылдын 21-июнундагы №52 “Мамлекеттик менчикте турган жер тилкени ижарага берүү жөнүндө” токтомуна ылайык, Тору-Айгыр айылынын чыгыш тарабындагы 855,0 га “Өнөр жайынын, транспорттун, байланыштын, коргоонун, энергетиканын жерлери жана башка багыттагы жерлер” категориясындагы жер тилкеси 49 жыл пайдалануу мөөнөтү менен “Балыкчы Грин Энерджи” ЖЧКга күн электр станциясын долбоорлоо жана куруу максатында 2023-жылдын 2-августунда “Жер тилкесин ижарага берүү келишиминин негизинде 1 га жерге 16,5 миң сомдон жалпы 855 га жерге 14145,1 миң сомго ижарага берилген, жер салыгы 5893,8 миң сомду түзгөн. Бирок, ЖЧК тарабынан ижара акылары, жер салыгы толук төгүлбөй келген. Жыйынтыгында, 2024-жылдын 1-январына карата жер тилкесине ижара акысы боюнча карызы *4142,5 миң сом* жана жер салыгы боюнча *5893,8 миң сом* өндүрүлгөн эмес.

**Сунуштама:** “Балыкчы Грин Энерджи” ЖЧКсынын эсебинен *4142,5 миң сом* ижара акысы жана боюнча *5893,8 миң сом* жер салыгы өндүрүлүп, бюджетке которулсун.

Аудит уюштуруу иштери боюнча мамлекеттик инспектор Д.Жайыкова, мамлекеттик инспектор Б. Токтомамбетов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Чоң-Сары-Ой айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Шайыбек Ата айыл өкмөтү)**

**1.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** 2020-2021-жылдарга карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук жарым-жартылай аткарылган. Төмөнкү жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмү калыбына келтирилген эмес: подрядчы “Ак-Тилек-Тендик” ЖЧКсы тарабынан Чоң-Сары-Ой айылынын мектебинин кире беришиндеги чатырды оңдоо жумуштарында 31,1 миң сом (23,6

миң сому калыбына келтирилген); подрядчы “Нур Строй Инвест” ЖЧКсы тарабынан “Чок-Тал айылындагы А. Түмөнбаев мектебинин айланасын тосууда” 45,2 миң сом жана Чоң-Сары-Ой айылындагы мектептин спорт залынын полун калыбына келтирүүдө 26,6 миң сом (20,0 миң сому калыбына келтирилген), Чоң-Сары-Ой айылындагы паркты жакшыландырууда 100,2 миң сом.

**Сунуштама:** КР ЭПтин мурдагы жазма буйруктарынын аткарылышы толук камсыздалсын.

**2. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 48-беренесине ылайык “жайыттарды, ошондой эле айыл аймактарынын аймагында жайгашкан мамлекеттик токой фондунун жайыттарын пайдалангандыгы үчүн жыйымдар” жергиликтүү бюджеттин кирешеси болуп эсептелинет ал эми, Кыргыз Республикасынын «Жайыт жөнүндө» Мыйзамынын 10-беренесинде «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органынн чечими боюнча жайыт белети үчүн жыйымды бөлүп төлөөгө жол берилет, жайыт жерлерин пайдалануу үчүн жыйымдын жалпы көлөмүнүн 50 пайызынан кем эмеси учурдагы жылдын 15-апрелинен кечиктирилбестен, ал эми, калган бөлүгү 1-ноябрынан кечиктирилбестен төлөнөт. Жыйым өз убагында төлөнбөгөн учурда, мөөнөтү өткөрүлгөн ар бир күн үчүн Кыргыз Республикасынын Салыктык эмес кирешелер жөнүндө кодексине ылайык туум кошулуп эсептелет» деп көрсөтүлгөн. Бирок, жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан **628,0 миң сомго** (2022-жылы 257,3 миң сом, 2023-жылы 371,5 миң сом) план аткарылган эмес.

Мындан тышкары, аталган Мыйзамдын 3-беренесинде «Жайыттарды мал жаюу үчүн пайдалануу жайыт белеттеринин негизинде жүзөгө ашырылат» деп көрсөтүлгөн, бирок, аудит камтыган мезгил аралыгында жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан жайыт пайдалануучулар менен келишимдер түзүлгөн эмес, жайыт белеттери берилген эмес.

**Сунуштама:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан **628,0 миң сом** жайыт жыйымдары өндүрүлсүн. Кыргыз Республикасынын «Жайыт жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**3.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Курулуш куроо иштеринин көлөмдөрүн же бааларын жогорулатуу жалпы **504,0 миң сомду** түзгөн. Анын ичинен: *жергиликтүү бюджеттин эсебинен*: подрядчы “СК Гарант” ЖЧКсы тарабынан: “Чоң-Сары-Ой айылына таза суу түйүнүн курууда” *38,6 миң сомго* жана “Сары-Ой айылына таза суу түйүнүн курууда” *46,3 миң сомго*; подрядчы “Энергострой Плюс” ЖЧКсы тарабынан “Чоң-Сары-Ой айыл өкмөтүнүн Чок-Тал айылынын жаңы конушуна ВЛ-0,4 КВ электр түйүнүн курууда (2143,9 миң сом)” *11,4 миң сомго* жана “Чоң-Сары-Ой айыл өкмөтүнүн Чок-Тал айылынын жаңы конушуна ВЛ-0,4 КВ электр түйүнүн курууда (952,4 миң сом)” *13,3 миң сомго*, подрядчы “Энергостройснаб” ЖЧКсы тарабынан “Чоң-Сары-Ой айылына көчө чырактарын орнотууда” 5,2 миң сомго жана “Сары-Ой айылынын жаңы конушуна ВЛ-10/0,4 КВ электр түйүнүн курууда жана ГКТП-400 КВТ трансформаторун орнотууда” 12,1 миң сомго; подрядчы “Бишкекэлектро” ЖАК тарабынан “Бает айылына электр чубалгыларын тартууда жана трансформатор орнотууда” 65,4 миң сомго; подрядчы “Эрмосо” ЖЧК тарабынан “Чок-Тал айылындагы таза суу скважинасын тазалоодо” *6,0 миң сомго* жогорулатылган жана АИАда 4% бирдиктүү салыгы *18,9 миң сомго* ашык алынган жана Сары-Ой айылындагы кичи суу сактагычын тазалоодо” *19,6 миң сомго*; подрядчы “Оскар-строй” ЖЧК тарабынан “Чоң-Сары-Ой айылындагы дамбаны оңдоодо” *10,4 миң сомго;* подрядчы “Вилла” ЖЧК тарабынан “Чоң-Сары-Ой айылындагы айыл өкмөтүнүн имаратын оңдоодо жана тегерегин жакшыртууда” 29,0 *миң сомго;* подрядчы “Скайлайт” ЖЧК тарабынан “Өрнөк айылындагы жолдорун оңдоодо” АИАда 12 % кошумча нарк салыгы *50,5 миң сомго* ашык алынган, подрядчы “Данко Транс” ЖЧК тарабынан “Өрнөк айылындагы ФАПтын ички

бөлмөлөрүн оңдоодо жана навес орнотууда” *64,3 миң сомго;* подрядчы “ТЭТ Курулуш” ЖЧК тарабынан “Сары-Ой айылына 50 м3 суу топтоочу мунараны орнотууда” *113,0 миң сомго.*

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен жогорулатылган курулуш куроо иштеринин көлөмдөрү калыбына келтирилсин: подрядчы “СК Гарант” ЖЧКсы тарабынан: “Чоң-Сары-Ой айылына таза суу түйүнүн курууда” *38,6 миң сом* жана “Сары-Ой айылына таза суу түйүнүн курууда” *46,3 миң сом*; подрядчы “Энергострой Плюс” ЖЧКсы тарабынан “Чоң-Сары-Ой айыл өкмөтүнүн Чок-Тал айылынын жаңы конушуна ВЛ-0,4 КВ электр түйүнүн курууда (2143,9 миң сом)” *11,4 миң сом* жана “Чоң-Сары-Ой айыл өкмөтүнүн Чок-Тал айылынын жаңы конушуна ВЛ-0,4 КВ электр түйүнүн курууда (952,4 миң сом)” *13,3 миң сом*, подрядчы “Энергостройснаб” ЖЧКсы тарабынан “Чоң-Сары-Ой айылына көчө чырактарын орнотууда” 5,2 миң сом жана “Сары-Ой айылынын жаңы конушуна ВЛ-10/0,4 КВ электр түйүнүн курууда жана ГКТП-400 КВТ трансформаторун орнотууда” 12,1 миң сом; подрядчы “Бишкекэлектро” ЖАК тарабынан “Бает айылына электр чубалгыларын тартууда жана трансформатор орнотууда” 65,4 миң сом; подрядчы “Эрмосо” ЖЧК тарабынан “Чок-Тал айылындагы таза суу скважинасын тазалоодо” *6,0 миң сом* жогорулатылган жана ашык алынган 4% бирдиктүү салыгы *18,9 миң сом* жана Сары-Ой айылындагы кичи суу сактагычын тазалоодо” *19,6 миң сом*; подрядчы “Оскар-строй” ЖЧК тарабынан “Чоң-Сары-Ой айылындагы дамбаны оңдоодо” *10,4 миң сом;* подрядчы “Вилла” ЖЧК тарабынан “Чоң-Сары-Ой айылындагы айыл өкмөтүнүн имаратын оңдоодо жана тегерегин жакшыртууда” 29,0 *миң сом;* подрядчы “Скайлайт” ЖЧК тарабынан “Өрнөк айылындагы жолдорун оңдоодо” ашык алынган 12 % кошумча нарк салыгы *50,5 миң сом,* подрядчы “Данко Транс” ЖЧК тарабынан “Өрнөк айылындагы ФАПтын ички бөлмөлөрүн оңдоодо жана навес орнотууда” *64,3 миң сом;* подрядчы “ТЭТ Курулуш” ЖЧК тарабынан “Сары-Ой айылына 50 м3 суу топтоочу мунараны орнотууда” *113,0 миң сом.*

Мындан тышкары, подрядчы “Су-Аль-Са” ЖЧКсы тарабынан “Чоң-Сары-Ой айылындагы дарыядан кичи суу сактагычка чейин канал куруу жумуштары” 2024-жылдын июнунда бүткөрүлгөндүгүнө байланыштуу кийинки аудитте каралсын.

**4. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** “Оскар строй” ЖЧК тарабынан 2023-жылдын 15-ноябрындагы кабыл алуу жана өткөрүп берүү актысынын негизинде *1360,6 миң сомго* маданият үйүн жана “Вилла” ЖЧК тарабынан 2023-жылдын 25-августундагы кабыл алуу жана өткөрүп берүү актысынын негизинде *3006,0 миң сомго* айыл өкмөттүн имаратын жалпы суммасы *4366,6 миң сомго* 2221 “Имараттарды жана жайларды учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар” беренеси менен ондоп-түзөөлөр жүргүзүлгөн. Анын ичинен: *3918,4 миң сом* (айыл өкмөттүн имаратын оңдоого-2577,2 миң сом, маданият үйүн оңдоого-1341,2 миң сом) капиталдык ремонт жана *448,2 миң сом* (айыл өкмөттүн имаратын оңдоого-428,8 миң сом, маданият үйүн оңдоого-19,4 миң сом) учурдагы оңдоого кеткен чыгымдар.

Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2023-жылдын 11-июлундагы №2-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптарына ылайык, жогорудагы учурдагы ондоп-түзөөлөр 3111 “имараттар жана курулуштар” беренеси боюнча жүргүзүлүп имараттардын жана курулуштардын балансттык баасы **3918,4 миң сомго** жогорулатылбастан, эсептен негизсиз чыгышталган. Аудиттин жүрүшүндө 3918,4 миң сомго негизги каражаттардын баалары эсеп боюнча жогорулатылды.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Финансы миңистрлигинин 2024-жылдын 22-январындагы №1-Б буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу

секторунун уюмдары тарабынан бухгалтердик эсепти уюштуруу жана жүргүзүү боюнча” Жобосунун талаптары так сакталсын.

**5.Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **2292,8 миң сомго** товалар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган (2022-жылы 634,6 миң сом, 2023-жылы 1658,2 миң сом).

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**6. Критерийлерди бузуулар аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” Жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, “Чоң-Сары-Ой айыл өкмөтүнүн турак-жай коммуналдык чарба жана жашоо тиричиликти камсыздоо тутуму” муниципалдык ишканасында эсеп-кысап жүгүртмө баракчалары, регистрлер жүргүзүлбөйт жана бухгалтердик баланс түзүлбөйт.

**Сунуштама:** “Чоң-Сары-Ой айыл өкмөтүнүн турак-жай коммуналдык чарба жана жашоо тиричиликти камсыздоо тутуму” муниципалдык ишканасында Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген “Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө” жобосунун талаптары так сакталсын жана айыл өкмөт тарабынан көзөмөлгө алынсын.

Аудит мамлекеттик инспекторлор М. Алымкулов, Б. Токтомамбетов, Н. Мурзабеков тарабынан жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Көл башкармалыгынын башчысына жана раймамадминистрациясынын башчысына мурдагы 2020-жылдын 1-январынан тартып 2021-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча айрым айыл өкмөттөрүндө аткарылбаган жазма буйруктардын бир айлык мөөнөттө аткарылышын камсыздоо милдеттендирилсин;
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Ысык-Көл башкармалыгынын башчысына айрым айыл өкмөттөрдө Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол бергендиги үчүн, б.а. конкурс өткөрүлбөстөн товарларды, жумуштарды жана кызматтарды сатып алууга жол бергендиги үчүн жоопкерчилиги каралсын;
- Кыргыз Республикасынын Президентинин Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө, айылдык Кеңештин төрагаларына - Отчет;
- Ысык-Көл райондук мамлекеттик администрациясына – Отчет;
- аудит жүргүзүлгөн мекемелердин, ишканалардын жетекчилерине аудиттин жыйынтыгы жөнүндөгү Жазма буйруктар, Сунуштар жөнөтүлсүн.

**Мамлекеттик инспектор** **А. Усупов**